ПРОТОКОЛ №3

М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университети
Инновациялык-маалымат технологиялар институту
«Колдонмо информатика жана маалыматтарды талдоо» билим берүү программасы

Ош шаары 24.10.2025-жыл

**Төрага:** ф.-м.и.к., доц. Мамбетов Ж.И.
**Катчы**: Абдыракманова К.Т.

**Катышкандар:** Саримсаков А.А., Аттокуров У.Т., Матисаков Ж.К., Осекова Г.А.. Бекташова Р.А., Джороев Т.К., Жалжаева К.М., Асанова С.О., Жусупова Э.К. – студенттер жана иш берүүчүлөр.

**Күн тартиби:**
1. Иш берүүчүлөр менен таанышуу.
2. Жумушчу окуу пландагы тандоо курстун элективдик бөлүгүнө дисциплиналарды заман талабына ылайык сунуштоо.
3. НББПсын (негизги билим берүү программасын) талкуулоо.
4. НББПга өзгөртүүлөрдү киргизүү.

Угулду жана талкууланды:
**1-маселе боюнча:**

Төрага Мамбетов Ж.И. иш берүүчүлөр менен студенттерди жыйындын максаты жана мааниси менен тааныштырды. Ал кадрларды даярдоодо иш берүүчүлөрдүн катышуусу билим сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөрүн белгиледи. Иш берүүчүлөр өздөрүнүн иш тажрыйбасынан чыгып, бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгын жогорулатуу үчүн практикалык көндүмдөргө көбүрөөк басым жасоо керектигин белгилешти.

**2-маселе боюнча:**

Жумушчу окуу пландын элективдик дисциплиналар бөлүгү талкууланды. Иш берүүчүлөр жана окутуучулар учурдагы IT-рыноктун талабына ылайык төмөнкү багыттагы дисциплиналарды киргизүү сунуштарын беришти:
- Жасалма интеллектке киришүү
- Маалыматтык коопсуздуктун негиздери
- Маалыматтарды визуалдаштыруу
- Big Data технологиялары
- Булуттук эсептөөлөр жана сервистер

Катышуучулар бул дисциплиналар студенттердин практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга жардам берет деген пикирге келишти.

**3-маселе боюнча:**

Негизги билим берүү программасы (НББП) талкууланып, учурдагы модулдардын мазмуну менен окутуу жүктөмдөрүнүн актуалдуулугу каралды. Айрым предметтерде заманбап программалык каражаттарды колдонуу жетишсиз экени белгиленди. Ошондой

эле студенттер тарабынан практикалык сабактардын үлүшүн көбөйтүү тууралуу сунуштар айтылды.

**4-маселе боюнча:**

Талкуунун жыйынтыгында НББПга төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталды:

- Айрым дисциплиналардын мазмунуна жаңы технологиялар боюнча темаларды кошуу;
- Практикалык жана лабораториялык иштердин санын көбөйтүү;
- Иш берүүчүлөрдүн катышуусунда биргелешкен семинар жана мастер-класстарды уюштуруу;
- Студенттер үчүн өндүрүштүк практикаларды реалдуу IT-компанияларда өткөрүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.

**Токтом кылынды**:

1. Иш берүүчүлөр менен үзгүлтүксүз байланышта болуу жана алардын сунуштарын окутуу процессинде эске алуу.
2. Элективдик дисциплиналардын тизмесине заман талабына ылайык жаңы предметтерди кошуу (Жасалма интеллект, Big Data, Маалыматтык коопсуздук ж.б.).
3. НББПга сунушталган өзгөртүүлөрдү Институттун окуу-усулдук кеңешине бекитүүгө жөнөтүү.
4. Программанын жетекчиси жана окутуучулар сунушталган өзгөртүүлөрдү аткаруу боюнча иш планын түзүп чыгышсын.

Төрага: ______________ Мамбетов Ж.И.
Катчы: ______________ Абдыракманова К.Т.



www.oshtu.kg oshtu_official Ош Технологиялык Университети Ош технологиялык университети

# ИШ БЕРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ



